**“АЛАЙ ТООЛОР”**

Сөзү: Шайлообек Дүйшеев

Обону: Майрамбек Осмонов

Көргүм келди жылкылардын шибер кечип, бел ашканын,

Көргүм келди тулпарыңдын туягынан тер акканын

Көпөлөк кууп ойноп өскөн курбуларым түшүмө кирди

Көк жашыл төр түшкө кирди, түшкө кирди кең асманың

Жадагалса ойлой берем озүң мага жибергенсип

Жалгыз  калган булуттардын мени көздөй келатканын

Кайырма

Жанга кымбат жанар тоолор

Жанга кымбат далай тоолор

Санап учтум канча тоону

Сага жетпейт Алай тоолор

Сага жетпейт Алай тоолор

Ата – бабам өскөн өрөөн  башкаларга тең болобу

Азап тартсаң, өз элиңден башка бир эл, эл болобу

Сагындырып балдарынды сен турасың түбөлүккө

Сага келип кете берчү мрдн бир менен коногу

Алыс жүрсөм жүрөгүмдү күүгө салып чертип турган

Айланайын тууган жердей бул дүйнөдө жер болобу?

Кайырма

Туйлап аккан сууларыңды күзгү кылып каранармын

Балалыгым өткөн  жерди башка кайдан табалармын

Бөөдө кырсык чалбаса экен, эсен болсун эл- жерим деп

Бөтөн жерде  жүргөнүмдү өзүңдү ойлоп аянармын

Мен ырдасам сенин гана гүлдөрүңдү ырдай берем

Мен жыгылсам сенин гана тоолоруңа ьаянармын

Кайырма